"Карындаш"

Сөзү : Кыялбек Урманбетовдуку

Обону : И.Жунусовдуку

Карындаш астачы,

Тетири баспачы.

Жакшы эле жигитмин,

Көз кырың таштачы.

Көзүмдү албай,

Артыңдан барам жай.

Сезилдиң эң жакын,

Эң жакын адамдай.

Жароокер күлгөнүң,

Эстетти сүйгөнүм.

Сен анын сиңдиси,

Же болуп жүрбөгүн.

Көздөрү кара эле,

Сүйүүгө зар эле.

Эки жак уртунда,

Уяча бар эле...

Кечиргин карындаш,

Адам жок жаңылбас.

Бар эле сүйгөнүм,

Ал эми табылбас...

Сымбатың таптаза,

Окшошуп жатса да.

Бар эле сүйгөнүм,

Жүрөгү башкача.